**Чыгарылган (2024- ж.) монографиялар, окуу китептери жана усулдук окуу куралдары / Изданные (2024 г.) монографии, учебники, методические пособия кафедр**

**1-торчо**

| **№** | **Аталышы / Название** | **Автору (авторлошу) Автор (соавтор) /** | **Басып чыгарылган жери, жылы, бети Издательство (место, год, стр.) /** | **Кафедра** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Чрезвычайные ситуации: Быстровозводимые здания и сооружения. (Учебное пособие) | Акматов Н.,<br>Ордобаев Б.,<br>Молдокулов Б., Абылкасымов Т. | г. Бишкек, КРСУ, 107 стр. 2024г. | АЧД |
| 2. | Учебно-методическое пособие: «Психологическое обеспечение чрезвычайных ситуаций» | Акматов Н.А.<br>Айдаралиев Б.Р.,<br>Супаналиев Р.Т.<br>Садабаева Н. Дж. | г. Бишкек, КРСУ, 147 стр. В разработке<br>выполнено на 70 % | АЧД |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | "Колокодо калган мушкер" | Борбашев Ч.С. | Бишкек-2024, 72 б. | Бокс жана оор атлетика кафедрасы |
| 4. | "Кыргыз элинин акыл оюндарынын эрежелери" | Кийзбаев М.С., Камчибекова З.К., Джаманкулов К. | Бишкек-2024, 31 б. | Бокс жана оор атлетика кафедрасы |
| 5. | Положение об аспирантуре | Шевченко Т.Н. Манликова М.Х. Абдыбекова Н.А., Омырзакова Б.Ж. | Бишкек, 2024, 38 | Аспирантура |
| 6. | Кыргыз элинин акыл оюндарынын эрежелери | Джамангулов К, Кийизбаев М.С, Камчыбекова З. К. | "Ала-Тоо" эл аралык университети. Бишкек-2024-жыл. 31-бет. | СУТ |
| 7. | "Кыргыз тили" окуу куралы | Тажибаева У.К. | Бишкек, 2024. | Тилдер кафедрасы |
| 8. | Көчмөн элдеринин улуттук оюндары | Д.Дуйшенбиева, Н.Абдыбекова, К.Кайыпова ж.б. | Бишкек, 2024-жыл, 463 бет | Тилдер кафедрасы |
| 9. | Методика подготовки статей к публикации в журналах SCOPUS (онлайн пособие) | Абдыбекова Н.А. | Бишкек, 2024-жыл, 20 с. | Тилдер кафедрасы |
| 10. | Научная школа профессора К.Д.Добаева "В честь 70-летия: Путь и достижения профессора К. Д. Добаева | Мукамбетова А.С., Супатаева Э.А., Аземова А.А., Абдыбекова Н.А. | Бишкек, 2024. – 180 с. | Тилдер кафедрасы |
| 11. | Русский язык профессиональной деятельности | Манликова М.Х. | Б.: КГАФКиС, 2024. - 580 б. - 5000 сом | Редакциялык басма бөлүм |
| 12. | Исхак Асан уулу Полот хан Фергана өрөөнүндөгү азаттык көтөрүлүштүн жетекчиси | Баитова Ф.Т. | - Бишкек, 2024. 10 басма табак. «Maxprint» УДК 94(100-87) ББК63.3 (5Кир) Б.18. ISBN 978-9967-9520-6-5 | Социалдык - гуманитардык илимдер кафедрасы |
| 13. | Основы философии (Учебное пособие) | Баитова Ф.Т. | Ф.Т.Баитова, Н.С. Акматова, Г.Б.Нусубалиева - Бишкек, 2024. 9 басма табак. «ДЭМИ» УДК 1/14. ББК 87. Б.18. ISBN 978-9967-9502-5-2 | Социалдык - гуманитардык илимдер кафедрасы |


Сканировано с CamScanner

**2024-жылдын "Мыкты окуу китеби, окуу куралы жана монографиясы" сынагынын жыйынтыгы / Итоги конкурса "Лучший учебник, лучшее учебное пособие и лучшая монография"**

**2-торчо**

| № | Монография окуу куралдын аталышы | Сыйлыктын түрү, илимий эмгектин түрү | Автору | Бөлүм, кафедра |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Русский язык профессиональной деятельности | 5000 сом, диплом Жылдын мыкты окуу куралы орус тилинде | Манликова М.Х. | Редакциялык басма бөлүм |
| 2 | Көчмөн элдердин улуттук оюндары | 5000 сом, диплом Жылдын мыкты окуу куралы | Дуйшенбиева Д.А., Абдыбекова Н.А., Кайыпова К.О., Джамангулов Д.К., Супатаева | Тилдер кафедрасы |
| 3 | Исках Асан уулу Полот Хан. Фергана өрөнүндөгү азаттык көтөрүлүштүн жетекчиси | 5000 сом, диплом Жылдын мыкты монографиясы | Баитова Ф.Т. | Социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы |

**2-сүрөт. 2024-жылдын "Мыкты окуу китеби, окуу куралы жана монографиясы" сынагынын жыйынтыгынын салыштырмалуу анализи**




Сканировано с CamScanner

**2024-жылы жарыяланган илимий макалалар / Опубликованные научные статье за 2024 год**

Академиянын профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү тарабынан 2024-жылы **133** макала, 2023-жылы **126** макала, 2022-жылы **- 71** макала, 2021-жылы **– 63** илимий макалалар жарыяланды. Негизинен мезгил- мезгили менен чыгуучу илимий-практикалык РИИЦке жана КИИЦке тиешелүү жана нөлдүк эмес Импакт-фактор басылмаларында жарыяланган. Бир катар материалдар Россия Федерациясында (РФ), Казакстан Республикасында (КР), АКШда, Индияда, Индонезияда, Турцияда, Узбекистан, Казакстан Республикасында (КР), Индияда жарыяланган.

Бир катар эмгектер англис тилиндеги басылмаларда басылып чыккан. 2023-жылга салыштырганда нөлдүк эмес Импакт-фактору менен журналдарда жарыяланган эмгектердин саны бир кыйла көбөйдү: elibrary, ID: DOI; International scientific journal; Web of Sciences, Скопус, Alatoo academic studies ж.б.

Жарыяланган макалалардын саны боюнча алдыңкы орундарда тилдер, педагогика, психология жана дене тарбия жана спорттун тарыхы, түпкү жана табигый илимдер, спорттун улуттук түрлөрү, философия жана гуманитардык илимдер кафедралары турат.

**Илимий-практикалык коференцияларга катышуу / Участие на научно-практических конференциях**

Академиянын профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү тарабынан 2024-жылы **- 73**, 2023-жылы **102**, 2022-жылы **- 84**, 2021-жылы **– 69** илимий-практикалык конференция, эл аралык симпозиум, эл аралык илимий форум жана конгресстерге катышкан.

2024-жылдын 17-январында педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасынын доценти, КМДТжСАнын профессору Саралаев Марат Кадыкеевичдин 85 жылдыгына карата салтанаттуу чогулуш уюштурулду.

2024-жылдын 15-16-март күндөрү Чирчик шаарында Өзбекстан мамлекеттик дене тарбия жана спорт университети менен Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСА менен биргелешкен **"Гимнастика, сергек жашоо мүнөзүн жана массалык спортту өнүктүрүүнүн заманбап шарттарында"** Эл аралык илимий-практикалык конференция уюштурдук. Конференциянын ишине КМДТжСАдан төмөндөгү профессордук-окутуучулук жамааты онлайн түрүндө катышты:

1. Абдыбекова Нурмира Абдыбековна – илимий иштер боюнча проректор, п.и.к., доц.
2. Манликова Миновар Холыковна – п.и.д., профессор
3. Кийзбаев Муратбек Сагимбаевич – п.и.к., профессор
4. Токсонбаев Рыскелди Нурманбетович – п.и.д. профессор
5. Омырзакова Бурулкан Жунусовна– п.и.к., доцент
6. Садырова Замира Тентиевна – т.и.к., доцент. м.а.
7. Сабиров Рысбек Келдибекович - аскерге чейинки даярдоо фак. деканы, т.и.к., доцент
8. Кенжебаев Акназар Аскарбекович – Машыктыруу факультетинин деканы
9. Догачиев Самат Кеңешбекович - Сырттан окуу, ККЖ ж КДФнин деканы
10. Балтабаев Ормош Сатыбалдиевич - Гимнастика кафедрасынын башчысы

Илимий – практикалык конференциянын негизги максаты, гимнастиканы окутуунун теориясы жана методикасынын актуалдуу маселелерин талкулоо жана көркөм гимнастиканын заманбап технологияларын колдонуу, жылдык окуу-машыгуу процессин уюштуруу, сергек жашоо мүнөзүн жайылтуу болуп саналат.

2024-жылдын 22-апрель күнү Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын жыйындар залында **"Он эки жылдык билим берүү: дүйнөлүк тенденциялар жана илимий негиздөөлөр"** аталышында оффлайн жана онлайн форматтында тегерек стол уюштурулду. Тегерек столго Кыргыз Республикасынын Билим

Сканировано с CamScanner

берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, жогорку окуу жайлардын илимий иштер боюнча проректорлору, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жаш окумуштуулардын жогорку кеңеши, университеттердин окумуштуулары катышты. Регионалдык жогорку окуу жайларды төмөнкү шилтеме аркылуу кошулушту https://meet.google.com/vpb-ffzm-bqw

- **Саралаев Марат Кадыкеевич** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы ардактуу профессору *"Он эки жылдык билим берүү - окуучулардын кесиптик билим алуусунун мүмкүнчүлүктөрү"*
- **Мээрим Нурбаева** – PhD (Испания) иммунология жана физиология боюнча адис, ***«Научные основы перехода 12 летнему образованию».***
- **Мамытбеков Жайлоо Кыдырович** – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жаш окумуштуулар жогорку кеңешинин төрагасы, ф.-м.и.к., доцент ***"Перспективы развития 12-летнего образовательного пути с фокусом на инженерно-техническом превосходстве".***
- **Токтосун уулу Бердаалы** – магистр (АКШ), Түндүк Америка университети ***"Чет өлкөлөрдөгү 12 жылдык окуу системасынын өзгөчөлүктөрү".***

2024-жылдын 30-майында Гуйчжоу технологиялык институтунун вице-президенти Лю Шидуо, кызматкерлердин академиялык ишмердүүлүгүн жогорулатуу боюнча симпозиум уюштурду. Аталган колледждин партиялык комитетинин деканы Цзэн Сяоцзинь, партиялык комитеттинн мүчөлөрү жана колледждин вице-президенти Инь Тянь Маосун жана Дэн Итин, бөлүмдөрдүн башчылары катышты. Эл аралык факультеттин студенттери үчүн конок лекция окудум.

2021-жылы кызматташуу жөнүндө эки тараптуу кол коюлгандан бери эки жогорку окуу жайлары ортосунда кытай жана орус тилдери боюнча онлайн курстар өткөрүлүп, **"Гуйчжоу маданияты Жибек Жолунда"** программасы ийгиликтүү ишке ашырылган. Кытайлык окутуучулар **Кыргызстандын 13 студентин 15 күндүк курстан окутушту**.

Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСА тарап илимий-педагогикалык адистерди даярдоо үчүн дене тарбияны интеграциялоого жана эл аралык кызматташууга даяр экендигин билдирди. Пандемия учурунда КМДТжСАсы Кытайдын ЖОЖ менен аралыктан кызматташып турган Кыргызстандагы жалгыз жогорку окуу жайы болгон.

**Гуйчжоу технологиялык институту КМДТжСАнын 5 студеннтин кабыл алып, бардык шарттарды түзүү менен акысыз окутууга даяр.**

31-майда 4 жаштан тартып билим алып жана машыгып жаткан өспүрүмдөр үчүн Олимпиадалык резерв спорт мектебинде болдум, жетекчилиги жана команданын башка машыктыруучулары менен жолугушуу болду. Олимпиадалык резервдеги мектеп биз тараптан эркин күрөш боюнча 4 спортчу жана бир машыктыруучуну окуу-машыгуу процессин Кытайда өтүү үчүн макулдашылды. Алардын жашоо, тамактануу жана окуу-машыгуу процесстери Олимпиадалык резерв мектеби тарабынан каржыланат. Спортчулардын тамак ашына өзгөчө көңүл бурулуп, спортучулардын тамактануусунун айрым маселери боюнча чет өлкөлүк профессорлордун жардамы менен изилдөөлөр жүргүзүлөт.

2-5-сентябрь, 2024-жылы **"Дене тарбия жана спорт сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруунун негизи катары"** Эл аралык илимий конференция Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСАна карата 70 жылдык юбилейине карата 2025-жылга жылдырылды.

2024-жылдын 14-ноябрында Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын Илим күнү, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында салтанаттуу иш чара болуп өттү. Илим күнүнө арналган көргөзмө уюштурулду. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурлган иш чарага Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын ректорунун м.а.Т.Н.Шевченко, илимий иштери боюнча проректору Н.А.Абдыбекова, тилдер кафедрасынын доц.м.а.

Сканировано с CamScanner

К.Ө.Кайыпова, китепканачы Кенжебаева К.М., магистрант Алтынбек у С. катышты. **«Цифровые навыки педагогов в сфере физической культуры и спорта в условиях цифровизации образования»** аталышындагы доклад окудум.

2024-жылдын 21-ноябрында Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекетик дене тарбия жана спорт академиясында Кыргыз Республикасынын Илим күнүнө арналган «Илимий иштердердин авторлугун эсепке алуунун санариптик технологиялары» аталышындагы семинар уюштурулду. Семинардын максаты: илимий-педагогикалык адистердин жана жаш окумуштуулардын илимий-изилдөө иштерин активдештирүү. Санариптик технологияларды өнүктүрүү контекстинде автордук укукту коргоонунун актуалдуу маселелери боюнча Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын окутуучулук курамына семинар уюштурулду. Илимий эмгектерге автордук укуктуу бекемдөө максатында блокчейн технологияларын колдонуу менен тааныштырылды.

КРдин Билим берүү жана илим министри Кендирбаеванын Догдуркүл Шаршеевнанын илим күнүнө карата 2024- жылдын 15- октябрындагы 35/4 буйругунун негизинде Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын окутуучулар курамына сыйлыктар "Илим күнүнө" арналган миш чарада тапшырылды.

М.Х. Манликова - педагогикалык илимдин кандидаты, профессор-
"Илимдин мыктысы" төш белгиси менен сыйланды. Ошондой эле "Билим берүүнүнүн мыктысы" төш белгиси менен сыйлангандар:

1. Ж.К.Чалагызов - гимнастика кафедрасынын окутуучусу;
2. Н.А. Абдыбекова - педагогикалык илимдин кандидаты, доцент, илимий иштер боюнча проректор;
3. М.Р.Оморов - чарба иштери боюнча проректор;
4. К.К.Мусалиева - педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасынын ага окутуучусу;
5. Д.А.Кыдыкеева - фундаменталдык жана табигый илимий сабактар кафедрасынын ага окутуучусу;
6. К.А.Каниметова - фундаменталдык жана табигый илимий сабактар кафедрасынын ага окутуучусу;
7. Ж.Ж.Исакова - педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасынын доценттин милдеттин аткаруучу;

*КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин АРДАК ГРАМОТАСЫ менен сыйлангандар:*

1. Н.М.Бердибаева - спорттук оюндар кафедрасынын ага окутуучусу;
2. К.Ө.Кайыпова - тилдер кафедрасынын доценти;
3. А.Т.Ормонова - тилдер кафедрасынын ага окутуучусу;
4. Н.И.Бектурганова - дене тарбиянын, спорттун теориясы жана усулу кафедрасынын ага окутуучусу;
5. С.К.Догачиев - сырттан окуу, квалификация жогорлатуу жана адистерди кайра даярдоо факультетинин деканы, ага окутуучу;
6. Б.уулу Кубанычбек - аскерге чейинки даярдоо кафедрасынын башчысы, ага окутуучу;
7. М.А.Токтоналиева - социалдык- гуманитардык илимдер кафедрасынын окутуучусу.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде "Заманбап педагогикалык билим берүү: маселелер, изденүүлөр, чечүү жолдору" аталышында эл аралык илимий-практикалык конференция өттү. Бул иш-чара Педагогика илимдеринин доктору, профессор **Кыргызбай Добаевдин 70 жылдыгына** арналып уюштурулду. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын пленардык жыйынында билим берүүнүн артыкчылыктары, санариптештирүү шартында кесиптик билим берүү, педагогикалык кырдаалдар, алардын себептери жана чечүү маселелери жөнүндө докладдар окулду.

Сканировано с CamScanner

Казакстан, Россия, Өзбекстан, Кыргызстандын 100дөн ашуун илимий макалалардын авторлору жана окумуштуулар педагогика илиминин инновациялык өзгөчөлүктөрү жана учурдагы маселелерин талкуулашты.

2024-жылдын 16-декабрынан тартып 19-декабрына чейин Алмата шаарында (Казакстан) КазАСТнын 80-жылдыгына арналган **"Олимпиадалык спорт жана спорт баардыгы үчүн"** аттуу Эл аралык илимий Конгресс болду. Конгресске Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын ректордун м.а., доцент **Т.Н.Шевченко,** илимий иштер боюнча проектор, п.и.к. доцент, **Н.А.Абдыбекова,** профессор **М.Х.Манликова,** доцент, **М.К.Саралаев,** профессор **Р.Н.Токсонбаев,** доценттин м.а. **Ж.Ж. Исакова,** п.и.к. **М.К.Мамбетова** жана магистратура бөлүмүнүн башчысы **А.С.Халиалдаева** катышышты. Кыргызстандан барган делегациясынын атынан эки модератор болду п.и.к. доцент, илимий иштер боюнча проректор **Н.А.Абдыбекова,** профессор **А.М.Мамытов** модератор катары 2 секциянын ишин алып барышты. Докладдар окулуп, эки тарап өнөктөш университет менен илимий жактан долбоорлорду ишке ашыруу максатында талкуу болду.

**Эл аралык илимий байланыштар.** Кытай, Индонезия, Туркиянын, Өзбекстандын, Россиянын жогорку окуу жайлары менен дене тарбия жана спорт тармагында биргелешкен илимий долбоорлор, лекциялар, семинарлар, илимий тажрыйба алмашуулар, студенттер, магистранттар жана аспиранттардын тренингдери өткөрүү боюнча 8 эл аралык келишимдерге кол коюлду.

2024-жылдын 8-июлунда Москва дене тарбия жана спорт академиясында болду. Аталган жогорку окуу жайынын ректору, п.и.д., профессор Н.Н.Чесноков, илимий иштер жана тарбия иштери боюнча проректорлору менен жолугушууда достук жана өз ара түшүнүшүү мамилелерин акырындап калыптандыруунун негизи катары кызматташуу маселелери талкууланды.

2024-жылдын 9-июлунда Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСАнын өкүлчүлүгүнүн иш сапары Рссиянын спорт университетинин ректору, п.и.д., профессор Сейранов С.Г. (ГЦОЛИФК) менен кезигип, тараптар илим, билим берүү жана дене тарбия чөйрөлөрүндө иш алып баруу менен, эл аралык платформанын негизинде келечектеги окутуучуларды, машыктыруучуларды даярдоо кызматташтыгын улантууну сүйлөштү.

Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСА тарап илимий-педагогикалык адистерди даярдоо жана башка чөйрөлөрдө кызматташуу үчүн даяр экендигин билдирди.

2024-жылдын 10-октябрында Москва шаарындагы педагогикалык университеттин өкүлдөрү менен онлайн форматта жолугушуу болду. Жолугушууда Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын ректорунун м.а., п.и.к., доцент Т.Н. Шевченко, п.и.к., доцент, ИИ боюнча проректор Н.А. Абдыбекова, окуу бөлүмүнүн башчысы А.К. Шериппаева, п.и.к., дене тарбия жана спорттун теориясы жана методикасы кафедрасынын башчысы М.К. Мамбетова, магистратура бөлүмүнүн башчысы Халиалдаева А.С., эл аралык бөлүмдүн башкы адиси Сапаева Э.М. катышышты. Онлайн форматтагы жолугушууда аталган университеттер ортосундагы **кош диплом боюнча программага** талкуу жүргүзүштү. Москва шаарынын педагогикалык университетинин өкүлдөрү: профессор Н.И. Ловцова, профессор Е.Ю. Федорова, Москва шаарындагы педогогикалык университеттин табигый илимдер жана спорттук технологиялар иниститутунун директору А.Э. Страдзе катышышты.

2024-жылдын 9-октябрында Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында Лобачевский атындагы Ниженовгород мамлекеттик изилдөө университетинен келген коноктордун жолугушуусу болду. Жолугушууда КМДТжСАнын ректорунун милдетин аткаруучу п.и.к., доцент Т.Н. Шевченко, илимий иштер боюнча проректор п.и.к., доцент Н.А. Абдыбекова, спорттук - тарбия иштери боюнча проректор, п.и.к., доцент Э.М. Тукеев, мамлекттик тил боюнча проректордун милдетин аткаруучу ф.и.к., доцент,Т.Г. Ибраимова, административдик чарбалык иштер боюнча проректор М.Ы.Оморов катышышты. Жолугушуунун жыйынтыгында аталган жогорку

Сканировано с CamScanner

окуу жайлары ортосундагы кызматташуу жана өз ара түшүнүшүү меморандумуна кол коюлду. Мындан сырткары Лобачевский атындагы Нижегород мамлекттик изилдөө университетинин кафедра башчысы, спорттук медицина жана психология илимдеринин кандидаты, доцент, С.В. Соколовская студенттерге лекциялар курсун окуду, пландаштырылган лекциялардын темалары: "Психологдордун ролу жана спорттук машыгуу системасы", "Спорттук машыктыруучунун психологиясы", "Эрте эмоцияионалдык чарчоонун алдын алуу", "Спорттук команда", " Коммуникация техникалары".

Сканировано с CamScanner